## Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин

## Роман-герман филологиясы кафедрасынын 2021-2022-окуу жылындагы тарбиялык иш боюнча отчету

Студент жаштарды тарбиялоо – Кыргыз мамлекетин өнүктүрүүдө маанилүү иш болуп эсептелет. Келечектеги коомду түзүү - бүгүнкү жаштарга кандай билим, таалим-тарбия бергенибизден көз каранды. Бирок ал адистин ички адеп-ахлактык жүрүм-туруму, гуманисттик жан дүйнөсү, Ата Мекенине болгон сүйүүсү, дүйнөгө болгон көз карашы, турмуштагы тутунган принциптери кандай болот? Ошондуктан билим алып жаткан ар бир студентти белгилүү бир кесипке ээ кылып гана тим болбостон, Мекенин, улутун, мамлекеттик тилин сүйгөн патриот инсанды калыптандырып чыгаруу да жогорку окуу жайынын негизги милдеттеринин бири. Студент үчүн жогорку окуу жайы билим алуунун гана ордосу эмес, ар тараптуу өсүп жетилүүнүн, инсандык баалуулуктарды өзүнө сиңирүүнүн, интеллигенттүүлүккө, жогорку маданиятка калыптануунун курагы. Университетте системалуу тарбия процессин уюштуруу зарыл жана аны ишке ашыруу ЖОЖдо эмгектенген ар бир профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик милдети болуп эсептелет. Тарбия иши өз алдына студенттерди жогорку жарандуулук, моралдык-нравалык, эстетикалык, дене жана психологиялык жактан жетилген, коомдун социалдык жана педагогикалык талаптарына ылайык келген жүрүм-турумга үйрөтүүнү максат кылат.



Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 70 жылдык маарекесинде 3АРБ(б)1 -19 тайпасынын студенттери драма “My Fair Lady” аткарып жаткан учуру.



2021-жылдын 21-декабрында Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 3-курсунун АРК-3-19 тайпасы “Save Aruuzat!” (Аруузатты сактап калалы!) деген аталыштагы кайрымдуулук жармаркесин өткөрүштү.Жармаркеден 6200 сом акча чогулуп, Аруузаттын дарылануусуна банк эсебине которулду.



Ош мамлекеттик университетинин, Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде "Декандык бал" кечеси болуп өттү. Бул майрамдык кечеге окуунун мыктылары чакырылды. Кечеде 2021-жылдын жыйынтыгы чыгарылып, "Жылдын мыкты группасы" жана "Жылдын мыкты куратору" деген номинациянын женуучүлөрү аныкталды. Жыйынтыгында, 3-курстун АРК-3-19 тайпасы "Эң мыкты тайпа" наамына татыктуу деп табылды жана Диплом менен сыйланды. Ал эми ЖЫЛДЫН МЫКТЫ куратору болуп Ташиева Нуржамал эжеке аталды.







Кезектеги кураторордук саат АРБ(б)-1-19 тайпасына "Moving towards sustainable development goals" деген темада англис тилинде отулду. Куратор: Токторова В.К



Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде Роман-герман филологиясы кафедрасы тарабынан уюштурулган 3 курстардын ата-энелери менен жолугушуу болуп өттү. Алгач ДТЖМ факультетинин бүгүнкү күндөгү жетишкендиги тууралуу видеотасма көрсөтүлдү. Ошондой эле РГФ кафедрасынын башчысы Кабылов Т. Б. тарабынан филология багытында бакалаврларды даярдоо боюнча маалымат берди. Мындан сырткары студенттердин окуудагы жетишүүсү боюнча анализдин жыйынтыгы, ички жана сырткы мобилдүүлүк боюнча студенттердин презентациялары көрсөтүлдү. Жылдын мыкты тайпасы да өзгөчө презантациясын тартуулашты. Окуудагы мыкты жетишүүсү менен өзгөчөлөнгөн студенттердин ата-энелерине ыраазычылык баракча, тапшырылды. Бул жолугушуу концерттик программа менен коштолду (ыр, бий, көркөм окуу өнөрлөрүнө күбө болушту). Жолугушуунун аягында ата-энелер арасында сурамжылоо жүргүзүлүп, факультетте аткарылып жаткан окуу-тарбиялык иштерге баа беришти....



Илим жумалыгынын алкагында Романо-германфилологиясы кафедрасынын доценти Алымкулова Светлан Батырбековна улуу англис драматургу В.Шекспирге арналган “All the World is His Stage (Бардык дүйнө анын сахнасы)” аттуу адабий-музыкалык композициясын өткөрдү.Студенттер сонеттерди, монологдорду окушту,«Король Лир», «Макбет» трагедияларынан сценаларды ойношту, «Ромео жана Джульеттадан» ырларды,кооз бийлерди аткарышты. Студенттер кайражаралуу доорунун, Шекспирдин доорунун эң сонун атмосферасын түзүштү. Адабий-музыкалык композиция келгендердин эсинде көпкө сакталат...




Happy birthday, Shakespeare!


Happy birthday, Shakespeare

2021-2022-окуу жылынын илим жумалыгына карата, Ош МУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин роман-герман филологиясы кафедрасынын окутуучулары Алай районунун Гүлчө айылында профориентацияда болуп келишти. Анда райондун борборундагы эң ири 3 мектепке иш сапары жургузулуп, окутуучуларга тагыраагы болочок абитуриенттерге ОшМУ тууралуу кеңири маалымат берилип жана кызыктуу презентация көргөзүлдү.Мектептердин окуучуларын жана да мугалимдерин кызыктырган суроолорго жооп берилип, ошондой эле каалоолору да угулду.

